Ж. Маматжанов атындагы №58 орто мектебинин мугалимдеринин кезексиз пед кеңешинин

Протоколу. №24

Катышканы : 29

Күнү: 27.10.2022 ж.

Каралуучу маселе:

1. Олимпиада боюнча окуучуларды даярдоо.

2. P I S A жөнүндө маалымат.

3.8а-8б-класстарда окуучулардын саны 60 ка жеткендиги боюнча маалымат.

Угулду: 1- Маселенин негизинде сөз баштоодон оболу мектеп директору Тойкулова Мерикан эжеке мугалимдер менен саламдашып чогулушту ачты.

Олимпиада боюнча жогорку жыйынтыкка жетүү үчүн, окуучуларды предмет мугалимдер 5- класстан 11- класска чейин даярдоону тапшырды. Даярдалбай олимпиадага барган окуучулар даяр эмес экендиктерин айтып уят кылып жаткандыктарын баса белгиледи.

Жарыш сөзгө Маматова Гулнара эжеке чыгып окуучулардын арасында Олимпиадага бара турган окуучулар коп экенин баса белгилеп, тилеке каршы бир предметтен бирден гана окуучу бара ала турганын айтып, бирден гана окуучуну сунуштады. Өзүнү мисал кылып 9-б класстан Абдижалилова Анжелини даярдап жатканын жана орун басары кылып 7-а класстан Сабыржанов Нурелди тандап алганынын айтты.

Мектеп директору колдоп кубаттап абдан жакшы жол экенин кошумчалап, ай сайын даярдап, ай сайын кандай темаларга даярдаганын жазып жыйынтык чыгаргыла деп сунуштады. Ар бир предметтик мугалим бирден окуучуну даярдап, бирден окуучуну орун басары кылып даярдоо зарыл экенин белгиледи.

1. Орус тили мугалими Эсенбаева Жылдыз эжеке 10- класстын окуучусу Абжапарова Бибигүлдү, 10- класстын окуучусу Калыбекова Чынайымды, орун басары кылып 7-а класстын окуучусу Ысмаилова Аянаны

2. Инфарматика мугалими Калбердиев Анарбек агай 7- а класстан Турганбаев Исламбекти, орун басары кылып 5- а класстын окуучусу Жантөрөев Нураалини

3. Математика мугалими Мурзабекова Анара эжеке 5- б класстан Бакыева Саниранны, Шербеков Каныбекти

4. Биология мугалими Маматова Гулнара эжеке 9-б класстан Абдижалилова Анжелини, 7-а класстан Сабиржанов Нурелди

5. Орус тили мугалими Камалидинова Нурай эжеке 8-а класстан Асанов Умарды, орун басары кылып 6-а класстан Эрмекбаева Раянаны

6. Кыргыз тили мугалими Токтосунова Марал эжеке 11- класстан Абдыкадырова Нуркызды, орун басары кылып Тургунбаева Сайкалды

7. Четтил мугалими Доронова Калдаркан эжеке 5-б класстын окуучусу Мамасалиева Гулзатты

Сканировано с CamScanner

8. Тарых мугалими Мамытов Максат агай 8-а класстын окуучусу Ташланкулова үмүтайды

9. Кыргыз тили мугалими Примбердиева Мээрбан эжеке 8-а класстын окуучусу Мирланбекова Мирандыны орун басары кылып 6-а класстын окуучусу Жапаралиева Асылбүбүнү

10. Химия мугалими Абасова Кишим эжеке 11- класстын окуучусу Анарбаева Айдананы, орун басары кылып 9-а класстын окуучусу Эшалиев Байтемирди

11. Математика мугалими Нуржанова Мыскал эжеке 10- класстын окуучусу Асаналиева Гулдананы даярдап жатканын айтышты.

12. 8а-8б-класстардын саны 60 окуучуга жеткендигине байланыштуу орус тил,чет тил сабактарын группага бөлүү боюнча Калдаркан эжеке өз оюн айтты.

2- Маселе PISA боюнча ОББ Сыргабаева Дамира эжеке жалпы мугалимдерге түшүнүк берип өттү.

PISA— бул окуучулардын билим берүүдөгү жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык программа дүйнөнүн ар кыл өлкөлөрүндөгү мектеп окуучуларын сабатттулугун жана алган билимин тажрыйбада колдоно билүүсүнө баа берген тестирлөө болуп саналат. Ал үч жылда бир өтүп,15 жаштагы өспүрүмдөр катышат. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо боюнча эл аралык PISA сынагына биздин өлкө 2006 – жылдан бери катыша баштады. Ошондогу алгачкы изилдөөгө өлкөбүздүн ар кайсы аймагынан 201 билим берүү мекеме 15 жаштагы ( 1990-жылы төрөлгөн ) 5904 улан кыздар окуу математика жана табигый илимдер боюнча күч сынашкан. Анда да Кыргызстан 57 өлкөнүн ичинде акыркы оорунду ээлеген.

Окуучулардын билимим баалоо багытында иш алып барган PISA эл аралык борбору 2009-жылы жүргүзгөн иликтөөнүн жыйынтыгын жарыялады. Кыргызсандагы окуучулардын билим денгээли 65 өлкөнүн ичинде эн төмөнү деп табылды.

Коншу өлкөлөрдүн ичинен Казакстан 59- орунга ээ болсо мындан сон бийлиги аталган программага катышуудан баш тарткан. Азербайжан 64- оорунду ээлеген, Орусия 43- орунду ээлеген. Ал эми Кытай , Түштүк Карея,Финляндия, Канада, Япония өндүү өлкөлөрдөгү окуучулардын билими жогору деп бааланган.

PISA- программасында алдынкы орунду бербеген өлкө- Финляндия.

Финляндия мектептери башкалардан эмнеси менен айырмаланат?

1. Мугалимдердин эмгегин коом сыйлайт жана жакшы төлөйт.

2. Мектеп инспекциялары сыяктуу мугалимдерди текшергендер жок.

3. Мектептердин көбү бюджеттен каржыланган.

4. Мектептеги окуу убактысы 5 саатан ашпайт, жайкы каникульдар 10 аптага чейин созулат.

5. Мамлекеттик егзаменди бир гана жогорку класстын окуучулары гана беришет.

6. мектепте балдардын саны 195 окуучуга туура келет, класстардын орточо көлөмү 19 окуучу.

Сканировано с CamScanner

Ар бир жолку PISA сынагында изилдөөнүн жаңы цикли киргизилип турат. Мисалы 2012-жылы сабаттуулука, 2015-жылы көйгөйлөрдү чечүүгө, 2018- жылы билгиликтерге басым жасалды.

Ал эми PISA 2025- жылы иликтөөсү көйгөйлөрдү чечүү компьютердик сабаттуулукту жана чет тилдери боюнча жүргүзүлөт.

PISA- 2000- Окуу

PISA- 2003 – Математика

PISA-2006 – Табигый илимдер

PISA- 2009- Окуу

PISA- 2012- Математика

PISA- 2015 Табигый илимдер

PISA- Окуу

Кыймылдап турган күч бул мугалимдер мугалимдердин билим сапаты, кесипттик денгээли жогоруламайынча биздин билим сапатыбыз көтөрүлбөйт. Андан кийин балдардын окуу куралдарынын заманбап түзүлүшү маанилүү. Балдардын ошол окуп даярданып жаткан нерсесин баалоочу механизимдер керек.Баланы жазалай турган эмес , ага жардам бере турган ыкмалары колдонулушу абзел. Анан албетте дагы бир таасир каржы системасын жакшыртуу керек.

Токтом.

Олимпиада боюнча окуучуларды даярдоо предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин. Даярдаган мугалимдерди көзөмолдөө ОББ Сыргабаева Дамира эжекеге милдеттендирилсин.

2. PISA боюнча 5- класстардын жана 6- класстардын билим сапатын текшерүү максатында

5-а ,5-б класстардан кыргыз тили сабагынан Примбердиева Мээрбан эжекеге тапшырылсын.

6-а , 6-б класстардын кыргыз тили сабагынан Токтосунова Марал эжекеге тапшырылсын.

5- а, 5-б, класстардын математика сабагынан Мырзабекова Анара эжекеге

6-а, 6-б класстардын математика сабагынан Шайбекова Жаркын эжекеге тапшырылсын.

3. 8а-8б-класстарда окуучулардын саны 60ка жеткендигине байланыштуу орус тил,чет тил сабактары подгруппага бөлүнсүн

Ушул маселелерди көзөмөлдөө жагы ОББ Сыргабаева Дамирага милдеттендирилсин.

Мектеп директору Тойкулова М.

Сканировано с CamScanner